**Белек Асанкожоев**

**Сага байланам**

**с: Нурсултан Жайлообай уулу**

**о: Белек Асанкожоев**

Башка жандар сендей эмес бактым өзүңсүң,

Бир өзүңө ак сүйүүнүн нуру төгүлсүн.

Сенин мага, менин сага болгон сүйүүбүз,

Сезим козгоп башкаларга бакыт көрүнсүн.

пр: Сенин сенин көздөрүңө жүрөк арбалат,

Менин менин тунук сүйүүм сага арналат.

Сен да мага колуң сунсаң ушул өмүрдө,

Экөөбүздүн ак сүйүүбүз болот салтанат.

Өзгөлөргө көңүлүм жок сага байланам,

Өзгөчөсүң мүнөзүң бар күлүп-жайнаган.

Ак сүйүүмдү кабыл алып мага жар болчу,

Апакемдин жолугу бар сага камдаган.